3. Недземковская Г.В. Зарождение и развитие этнопедагогики // Психология и педагогика, 2009, №5. - С.157-163
4. Малова О.Н. Созвучие принципов регионализации дошкольного образования федерального государственного образовательного стандарта идеям этнопедагогики. Матер. респуб. науч.-практ. конф. «Регионализация дошкольного этнокультурного образования в соответствии ФГОС дошкольного образования». – Чебоксары: ЧРИО, 2015. – 128 с.
5. Приказ Министерства просвещения Российской Федерации от 25.11.2022 № 1028 «Об утверждении федеральной образовательной программы дошкольного образования» (Зарегистрирован 28.12.2022 № 71847)

УДК 371: 021.483.154 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-324-331

**Эсеналиева С.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Эсеналиева С.Т.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Esenalieva S.T.**
KNU J. Balasagyn

ORCID:0009-0000-2824-0485

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ТОЛЕРАНТТУУЛУК ИДЕЯСЫ, ИНСАНДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ РУХИЙ-АДЕПТИК МААНИСИ
# ИДЕЯ ТОЛЕРАНТНОСТИ В ЭПОСЕ «МАНАС», ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОЕ ЗНАЧЕНИЕ В ВОСПИТАНИИ ЛИЧНОСТИ
# THE IDEA OF TOLERANCE IN THE EPIC "MANAS", SPIRITUAL AND MORAL SIGNIFICANCE IN THE UPBRINGING OF THE INDIVIDUAL

**Аннотация:** Эл аралык кызматташтыктын таламдарына ылайык, инсандар, жамааттар, улуттар адамзат коомчулугунун маданиятын жана плюрализмин таануу жана урматтоосу өтө маанилүү. Сабырдуулук – бул маанилүү принцип гана эмес , ошондой эле тынчтыктын жана бардык элдердин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн зарыл шарты. Толерантттуулукка тарбиялоо салттары ар бир улуттун маданиятындагы өзгөчө баалуулуктар экендигин кыргыз элинин маданиятынан, өзгөчө эпикалык мурастарынын мазмунунан байкалат. Бул эпикалык мурастын мазмунунда башкалардан жабыр тартсаң да сабырдуулук, чыдамкайлык, көтөрүмдүүлүк менен жооп кыл деген түшүнүк берилген. Элдик эпикалык мураста коңшулар, бир туугандар жана башка элдер менен ынтымак-ырашкерликте болууга умтулуу турмуш башаты катары ачыкталат. Кыргыз жана башка элдердин инсандар ортосундагы ынтымак, достук, өз ара сыйымдуулук, бир туугандык мамилелер менен бир катарда коюлат. Бул макалада кыргыздардын эпикалык мурасында инсанды толерантттулукка тарбиялоо багытындагы педагогикалык идеялар, өзгөчөлүктөр талдоого алынды.

**Аннотация:** В интересах международного сотрудничества очень важно, чтобы отдельные лица, сообщества, нации признавали и уважали культуру и плюрализм человеческого сообщества. Толерантность является не только важным принципом , но и необходимым условием мира и социально-экономического развития всех народов. Из культуры кыргызов, особенно из содержания их эпического наследия, видно, что традиции воспитания толерантности являются особой ценностью в культуре каждого народа. Содержание этого эпического наследия дает представление о том, что, даже если вы страдаете от других, реагируйте с терпением, терпением, терпимостью.В народно-эпическом наследии стремление быть в согласии с соседями, братьями и другими народами раскрывается как начало жизни. Согласие, дружба, взаимная терпимость и братские отношения между кыргызами и другими народами ставятся на одну линию. В данной статье проанализированы педагогические идеи и особенности в направлении воспитания человека к толерантности в эпическом наследии кыргызов.

**Abstract:** In the interests of international cooperation, it is very important that individuals, communities, and nations recognize and respect the culture and pluralism of the human community. Tolerance is not only an important principle, but also a necessary condition for peace and socio-economic development of all peoples. From the culture of the Kyrgyz, especially from the content of their epic heritage, it is clear that the traditions of tolerance education are a special value in the culture of each nation. The content of this epic legacy gives the idea that even if you suffer from others, react with patience, patience, tolerance.In the folk epic heritage, the desire to be in harmony with neighbors, brothers and other peoples is revealed as the beginning of life. Harmony, friendship, mutual tolerance and fraternal relations between Kyrgyz and other peoples are put on the same line. This article analyzes pedagogical ideas and features in the direction of educating a person to tolerance in the epic heritage of the Kyrgyz.

**Негизги сөздөр:** эпос; кыргыз; биримдик; инсан; гуманизм; адеп-ахлак; кечиримдүүлүк; токтоолук;чыдамкайлык; толерантттулук; акылман; тарбия; элдик оозеки чыгармачылык;

**Ключевые слова:** эпос; киргиз; единство; личность; гуманизм; мораль; прощение; спокойствие; терпение; толерантность; мудрость; воспитание; устное народное творчество;

**Keywords:** epic; Kyrgyz; unity; personality; humanism; morality; forgiveness; calmness; patience; tolerance; wisdom; education; oral folk art;

Азыркы мезгилдеги ааламдашуу доорунда, гумандашуунун учурунда маданий-интеллектуалдык баалуулуктардын улам жаңы парадигмалары жаралууда. Мындай шартта «Манас» эпосу баш болгон кыргыз элдик оозеки чыгармаларындагы гуманисттик идеялар системасын үйрөнүү, учур талабына шайкеш келген аксиологиялык ченемине астейдил мамиле жасап, иликтөө, көңүл буруу зарыл.

«Толеранттуулук» термини латын тилинен алынган, tolerantio орусча «терпение», «снисходительность», кыргызча «сабырдуулук», «чыдамкайлык», «көтөрүмдүүлүк» деген маанилерди туюнтуп, адамдардын улутуна, түсүнө, динине жана кайсы жердик экендигине карабастан бири-бирине карата адептүүлүк, сабырдуулук менен мамиле жасоого алып келүүчү сапат болуп саналат [2].

«Сабырдын түбү сары алтын», «Саргара күтсөң, кызара бөртөсүң», бул улуу сөздөр кыргыз элинин тарыхында сыналган, сабырдуу болууга үндөгөн кыргыз акыл-оюнун эң башкы туундусу болуп келген. Байыркы көчмөн кыргыз калкынын сабырдуулуугу эчен

кылымдардын элегинен өтүп, башка элдин маданиятын жерибей ынтымакта жашап, таатал тагдырдын сыноосуна көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасап, далай кыйынчылыктарды жеңип, улуттук өзгөчө бир касиет катары бааланып, улуттук мүнөздүн ажырагыс атрибуту катары сыналды. Сабыр – турмушта кездешүүчү ар түрдүү кыйынчылыктарга туруштук берүү болуп саналат. Ошондой эле ылайыксыз сөздөргө, пайда болгон азап-кайгыга такаатсыздык кылбай, чыдамдуу болуу сабырдуулукка жатат.

Бүгүнкү күндө жаш муундарды толеранттуулукка тарбиялоодо кыргыз элинин жалпы адамзаттка тиешелүү болгон руханий казынасы «Манас» эпосунда чагылдырылган көп кырдуу идеялардын маанисин өздөштүрүүнүн мааниси өзгөчө. Айкөл Манастын түзгөн улуу кыргыз меритократиялык бийлиги эркин демократиялуу жашоого умтулган, Манастын туусунун астына баш калкалап, конфедеративдүү мамлекетке биригүүгө ниеттенген, башка элдерден запкы тарткан, зомбулук көргөн тили, дили башка элдердин, түрдүү улуттардын биригүүсүн шарттады. Эпосто байыркы кыргыздардын башка улуттар менен карым-катнаштары, соодагерлик байланыштары Улуу Жибек жолуна тиешелүү топонимдердин дээрлик бардыгы эскерилип, Манастын кошунундагы башчылардын ысымдары аркылуу Улуу кыргыз каганатына бириккен түрдүү элдердин жалпылыгын, ынтымагын көрө алабыз. Айкөлдүн кошунундагы элдердин арасында теги боюнча түрк же такыр эле башка топтогу, калмак, манжу мангул, ж.б. элдердин өкүлдөрү дагы болгон. Мисалы: алтайлык калмактар манжулук калмактарга кол салаарда, манжулук калмактын өкүлү Шакум кыргыздардардан жардам сурап, жамаатташ, кызматташ тууган болууну сунуш кылат. Кыргыздар бул сунушун кабыл алып, манжулуктар Манастын тарабына өтүп, кыргыздар менен коңшулаш тууган болуп, кара токо деген ат менен өзүнчө бир урууга айланат. Эпосто кыргыздар башка улуттун элдери менен биримдикте улуу жеңиштерге жетишет. Манастын сабырдуулугу жалаң гана анын эрктүүлүгүнүн көрсөткүчү эмес, анын аракетинин максималдуу максатка ылайыктуулугунун жана адамдарга гумандуу мамилесинин өбөлгөсү катары каралган.

«Көкөтөйдүн ашы» салттуу, туруктуу эң көлөмдүү, түпкү маани-мазмуну терең окуялардын бири. Өткөрүлгөн аштын мааниси кыргыздын улуттук спорттук оюндарында эмес, ар түрдүү чыр-чатакка, зордук-зомбулукка дуушар болгон тополоңдуу жоокердик заманда канаатташ жашаган коңшу элдерди тыягы Алтай менен Каңгайдан, быягы Кырым менен Урумдан, тиги жагы Ооган, Ирандан, Индостандан, чыгышы Бээжин, Кебез-Тоодон, батыш жагы Оролдон, бери жагы Үргөнч менен Букардан, Анжыян, Алайдан, Сары-Аркадан алыскы-жакынкы жашаган калкты төгөрөктүн төрт бурчунан мейманга чакырып, айтылуу Каркыра жайлоосунда меймандостук менен андан ары жылуу мамилеге өтүү, душмандыкты жоюу, мурунку мүчүлүштүктөрдү оңдоого, көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасоого, тынчтыкта, коопсуздукта, эркин жашоону өздөштүрүүгө багытталган, ынтымакты чыңоону көздөгөн улуу, пейили тоодой бийик ак калпак кыргыз элинин улуттар аралык толеранттуулукка умтулушунда жатат. Эпосто мазмуну боюнча көп маданияттуу, ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү менен коопсуздукта, тең укуктуу шарттарда, эркин, жанаша жашай билүү жөндөмдүүлүгү негизги баалуулуктардын бири. Мындай идея инсандын көп маданияттуу чөйрөдө кызматташуу, баарлашуу, кылдат алака-катышка өтүү маданиятын калыптандырууга, толеранттуулукка тарбиялоого өбөлгө түзгөн улуу чакырык.

«Манас» эпосунда кечиримдүүлүк дагы эң башкы касиет катары каралып, инсандын жашоо-тиричилигинин түп пайдубалында жата турган моралдык сапаттардын бири катары бааланат. Эпикалык чыгармада баскынчылык менен Чүй өрөөнүн бийлеп турган кытай каны Орго болгон. Манастын ата журтун баскынчылык кылган душмандардан бошотуп алуу үчүн

келатканын уккан Орго кан, Илебин, Кеймен шаага кабар берип, кол курайт. Согушта Орго кан көк жал Манастын колунан набыт болуп, эли жеңилет. Оргонун аялы казактын кызы болгон.

«Кара эместир , кандыр го,
Мынча ааламды терметкен
Касиеттүү жандыр го» [6. 181] – деп, жакшылыктан үмут үзбөй, көсөмдүк жайын билгизип, казыналык коргондон окшош он ат, эки араба алтын зарын тартуу алып, жанына эки уулун жана казактын улуу жүзүнөн чыккан увазири Ырамандь, анын уулу Каратайды ээрчитип кан Манаска барып, домбурасынын кулагын түздөп толгоп, күүгө салып:

Уруш кылдым мен дагы
Урматына канымдын,
Амандыгын тиленем,
Аманат кара жанымдын.
Өткөрдү алтын зарыны
«Өлтүрсөң мен турупмун,
Өтүнүп көп сураймын
Эки уулумдун жанынь!» [6. 184]

Абакеси акылман Бакай баа берип: «Акын экен бакыр! » –дейт. «Жакшынын ачуусу бар, кеги жок» - деген нусканы туу тутуп Айкөл Манас Санамкүлдүн байкоо менен сүйлөгөн жакшы адам экенин туюп, балдарынын күнөөсүн кечет. Сабырдуулук, кандай гана кыйынчылыктарга дуушар болбосун, кырдаалга акыл –эстүү баа берүү, келечекти көрө билүү, тереңден акыл-калчап, жети – өлчөп, бир – бир кесип дегендей, анан гана чечим чыгаруу айкөл Манас үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон. Каратайдын акылынын зиректигин, сөзмөр, чечендигин, ар ишке жөндөмдүүлүгүн баамдаган Манас аны Санамкүлдөн жигиттикке сурап алат. Кийин Каратай аты калып, Ырчыуул деген ылакап аты менен эл оозуна алынып белгилүү болот. Манастын айкөлдүгү башынан жоолашып келген элдер менен тынчтык мамиледе жашоону көздөп, баскынчылык кылган жоого кечиримдүүлүк менен мамиле кылып, толеранттуулукка чакырат. Кылымдык тажрыйбага каныккан эпикалык мураста кекти кечирүүнүн зарылдыгын баатырдын ушундай иш-аракети аркылуу нускалайт. Ата-бабаларыбыз сабырдуулук менен кечиримдүүлүктүн маанисин төмөнкүчө түшүндүрүшкөн. «Айкөлдүк менен басылган иш, айкөлдүктү пайда кылат. Бир пикир келишпестикти тынчтык менен бүтүрүү шарт, тынчык артынан тынчтык келет». «Манаста» жеңген тарап, жеңилген тарапка толеранттуу мамиле жасады, Мунун өзү кыргыз элинин, анын аты өлбөс –өчпөс болгон Манастын айкөлдүгүн, бийиктигин, толеранттуулугун даңазалап турбайбы. Эпостогу оң каармандардын жасаган жакшы, нускалуу иштери келечек ээси болгон жаш муундарды сабырдуулук менен ой жүгүртүп, токтоо, кечиримдүү болууга, жакшылык кылууга тарбиялоодо таасири күчтүү.

Эпикалык чыгармада Бакай кылымдык бай тажрыйбага ээ, турмуштук адеп-ахлактык, гуманисттик башталышты алып жүргөн, боорукер, мээримдүү, чечкиндүү, эрктүү, ийгилик алып келүүчү, алдыга салса ак жолтой, караңгыда жол, капилеттен сөз, кыйчалыш мезгилде айласын тапкан, акылдуу ой жүгүртө билген чечен, даанышман, билгич, гуманист катары мүнөздөлүп, эпикалык идеалдын жогорку деңгээлиндеги персонаж. Өзү биринчи катылган жоону жеңген элди толеранттуулукка чакырат: **«Союштан артык албаңар, Бүгүн душман, эртең эл, Бүлүндүрүп салбаңар»** [5. 131]. Бакайдын акылмандыгы , алдын ала көрөгөчтүгү, элдердин ынтымагын сактап, канатташ, тектеш элдер менен гана эмес, жоолашып келген

элдер менен дагы тынчтык мамиледе жашоону көздөп, бири-бири менен согушуп, талоончулук менен байлыкка ээ болууга каршы туруп, кошунду каниет кылууга, сабырдуулукка чакырып, жеңилген жоонун жазыксыз пенделерине боор толгоп, зордукчулук, тебелеп-тепсеген нарксыз жорукка жол бербөөнүн зарылдыгын эскертет.

Оозеки нравалык билим эпикалык чыгармадагы каармандардын жасаган иш-аракеттери аркылуу пайда болот жана чечмеленет. Энелик милдет, калкына кызмат кылуу, анын татаал тагдырындагы оор мезгилдер Манасты Айкөл кылган Айкөлдүн асыл жары Каныкейдин образы аркылуу кеңири берилген. Эпикалык чыгарманын ыр саптарында «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган» деген салттуу формула көбүнчө манасчылар тарабынан Каныкейге арналат. Анын руханий сулуулугу болгон акылмандыгы, узчулук, сарамжалдык сапаттарынан тышкары сабырдуулук касиетине назар бурсак. Ал тагдырдын ачуу-таттуусун, ак-карасын чыдамдуулук, көтөрүмдүүлүк, токтоолук, сабырдуулугу менен жеңип, «Калк энеси Каныкей» деген сыймыктуу атка татыктуу болду. Эпосто Айкөлдүн жары, таянар күчү, үйдүн куту эле болбостон эли-жери менен Манастын рухуна чексиз берилген идеалдуу аялдын образы катары сүрөттөлөт.

Манастын өлүмү жалаң Каныкейдин кайгысы эмес, жалпы кыргыздын трагедиясы болгон. Ал тургай манасчы «карагай ыйлап, тал ыйлап, караган журттун баары ыйлап» табият да кайгыга чөмүлдү деп сүрөттөйт. Ойной турган чагында, Ooматы келген маалында Айкөлдүн көзү өтүп, сай-сөөгү сыздап, айласын таппай, калайыктын туткасы болгон баатыры, өмүрлүк жубайынан айрылып кан-какшап турса дагы, Семетейдин келечегин ойлоп, сабырдуулугу, акылмандыгы, токтоолук менен алдыдагы кыйынчылыктарды баамдап, туюп, чыдамкайлык менен жеңүүгө белсенет. Кайран энең Каныкей Абыке, Көбөштүн кара ниеттүү арам ойлорунун ишке ашуусуна бөгөт коюп, Айкөлдүн арбагын сыйлап, аялдык ар намысын бийик сактап, карагаттай көзүнөн камчы бою жаш куюлуп, кең Талас менен коштошуп, арманы ташып, бооруна Семетейди кысып, Айкөлдү тапкан Чыйырдыны алып менен төркүнү көздөй бет алат. Бул жол адамдын сабырдуулугун, көтөрүмдүүлүгүн, чыдамдуулугун сынаган таатал, Улуу жол болду. Каралуу Каныкейдин башка аргасы жок эле.

«Муңдашым келбейт тирилип,
Мынчалык боздоп нетейин!
– Бузулбас белди бек байлап,
Букарга тентип кетейин!» [7. 52] – деп, көк жалдан калган белекти сактап калуу үчүн болгон күчүн үрөп, кайын энеси Чыйырдыны менен узак жолду басты.

«Оо, Каныкей кулунум,
Самаркан качсаң баштачы,
Сандалтпай мендей карыны
Ушул бир жерге таштачы» [7. 69] – деген Чыйырды эненин өтүнүчүн четке какты, айдалысына мингизип, Семетейди кошо көтөрүп алып жол тартты. Айдай жүзү күндүн ысык аптабына какталып, таманы ташка тапталып, кең дүнүйө тар болуп далай азаптуу жолду басып өтүп, киши көрбөс азапты көрүп, акыры Букарга жетти. Төркүнүнө жеткенде Ысмайылга Каныкей Айкөлдүн керээзи боюнча уулу Семетейди бала кылып берет.

Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм!
Канзааданын баласы
Каалап берген мен кандай? [7. 185]

Каныкей эне үчүн көк жалдан калган белекти инисине берүү, курсактан чыккан баланы бөлөктүн уулу - деп айтуу, тегин жашыруу канчалык оор болбосун, келечегинен үмүт үзбөй, сабырдуулук менен ой калчап, эне эмес, эже деген сөздү угаарына кайыл болду. Семетей «оо дүйнө кеткен Манастын ата экенин түк билбей» он экиге келгенче Ысмайылдын колунда тарбияланат. Белгилүү окумуштуу Советбек Байгазиев эпикалык чыгармада Каныкей эне күткөн **12** жылды **«УЛУУ МЕЗГИЛ»** – деп белгилейт. **«**Анткени бул жылдар жөнөкөй гана баш калкалоо үчүн эмес, улуу максат үчүн, кыргыз мамлекетин кайра жаратуу үчүн келечектеги баатырды аман-эсен чоңойтуунун, өстүрүүнүн жылдары эле. Мына ошон үчүн Каныкейдин Букарда жашаган мезгилин улуу мүдөө үчүн улуу жашоо, улуу күтүү, улуу сабыр жана улуу сагыныч десек жарашат» [3. 120]**.** Каныкей эненин образы кыргыздын келечеги үчүн душмандар тарабынан жасалган кордук, тоскоолдуктарга карабастан, көздөгөн максатын багындырууга, боштук кылып баш тартпастан, талыкпастык, туруктуулук, сабырдуулук менен толеранттуулуктун улуу үлгүсүн көрсөттү.

Темиркан: «Семетейге алтын тажы кийгизип, алтын такка мингизип кан көтөрөйүн. Журт атасы болгондо токтолоор» - деп ойлоп, сегиз кан элге кабар жиберет. Бул кабарды уккан Каныкей эне алтымыш асый Тайторуну Семетейге төлгө кылып чапмак болду. Каныкей эненин образын ачууда узчулук өнөрүнө басым жасалып, саяпкерлик өнөрү көмүскөдө калып калгандай туюлат. Саяпкерлик өнөр - сынчылык өнөрдү туу туткан, өтө кылдат туюмду, сүйлөбөгөн жаныбардын тилин билген билгичтикти, кыраакылыкты, өзгөчө чоң сабырдуулукту, убакытты, мезгилди, чоң эмгекти талап кылган улуу өнөр. Саяпкери жарашса, күлүккө канат бүткөндөй - демекчи, мыкты саяпкер күлүктүн көөнүн да табат. Каныкей сабырдуу мүнөзү, чыдамкайлык мүнөзү, саяпкерлик өнөр-билими менен Тайторунун «күндө терин», «айда терин», «ачуу терин», «сасык терин» алып күндүр-түндүр талыкпаган мээнет менен суутуп, таптайт. Чыйырды эненин батасын алып, кокустан көрө албастар жолун торобосун, атын коргоп, келейин деп, чачын төбөсүнө түйүп, Сырбараңды айдалысына асынып алып, чубатууга келген сегиз кандын чабылчу аттарын сынап, Тайтору менен алты күн тынбай, суу ичпей жарышчу аттарын байкады. Атасы Темиркандын каршы болгонуна карабай, Тайторуну төлгөгө чапты. Ысмайыл Семетейди чакырып, аты чыкса Манастап ураан чакырып кел, артта калса Каныкейди курмандыкка чалып кел - деп, жетимиш балбан кошуп жиберди. Каныкейдин ийининдеги жылаңач бала Ысмайылдын көкүтүүсү менен Семетейдин келе жатканын айтты [7. 229]. Ошондо Каныкей эне көзүнүн жашын мөндүрдөй жаадырып:

Алты сапар дүрбүнү
Аныктап кармап сунайын,
Алтоондо торум келбесе,
Аныктап кудай бербесе,
Алты торпок , кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп алайын,
Кый сүбөөгө малайын,
Өзүмдү өзүм жарайын,
Уулумдан өлүм болгуча
Мен өзүм өлүп алайын! [7. 238]

Санаасы сайлап бөлүнүп сабыры түтпөй, а дүнүйө кеткен Айкөлдүн арбагына жалынып, жанын кыюуга даяр болду. Бирок, сабырдуу мүнөзү менен, акыл калчап, өзүн

токтотуп, жетинчи жолу дүрбүнү дагы бир имерип салганда Тайтору желгенине жел жетпей, жетик чуркап, жети буудан соңунда келе жатканын көрдү. Кайран энең Каныкей Сырбараңды куру дүрмөт от менен сунду эле, Сырбараң үнүн эшиткен касиеттүү жаныбардын арышы аркардай керилип алдыга озуп чыкты. Ата журттун келечеги, ар-намыс үчүн түркүн ой-толгоо менен санаага баткан психологиялык абалынын кеңири берилиши каармандын образын дагы тереңдетип, анын мүнөзүн ого бетер курчутат. 12 жыл күткөн Улуу үмүттүн оту жанып «Аман жүрсө кулунум Ойротту бузат», -деп кеткен, Кытай тоюн жеп кеткен –деп Каныкейдин санаасы тына түштү. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң», – дегендей Семетейди Ата Журттун Улуу жүгүн көтөрө турган уул катары тарбиялап, акылмандык, сабырдуулук чыдамкайлык сапаттары менен гумандуу жана адилеттүү максаттарды ишке ашырууга багытталган аракеттери Каныкейди чыныгы идеалдын үлгүсү катары көрсөтүп, руханий бийиктикте турган өлбөс-өчпөс классикалык образдын деңгээлине көкөлөтөт. Ал сабырдуулуктун жеткен чегин даңазалаган, улуттук аң-сезимде ой жүгүрткөн, жалпы адам баласына тиешелүү улуу , асыл моралдык сапаттарды алып жүргөн, эпостун идеялык мазмунун бийиктикке көтөргөн жаркын, маңыздуу образ.

Кыргыз элинин байыркы салттуу педагогикалык маданиятынын муундан-муунга уланып сакталышын, өнүгүшүн элдик оозеки чыгармачылыксыз элестетүүгө болбойт. Элдик оозеки чыгармачылык, эч качан адабият эмес, адабияттын каражаты жалаң гана сөз. Ооба, фольклор адабиятка булак болуп бере алат, бирок элдик оозеки чыгармачылыктын каражаты башка, жалаң сөз эмес, жалаң текст эмес, ал музыка, мимика, сөздүн жуурулушунан турган синкреттүү текст. Элдик оозеки чыгармачылыктын адамдын аң-сезимине таасир этүүсү жазма адабиятка караганда алда канча күчтүү, анткени ал жандуу аткарылат. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов «Манас» эпосунун бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө ой толгоп мындай дейт: «Манас» – өзүбүзгө өзүбүздү таанытккан улуу зат. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат» [1].

Жыйынтыктап айтканда, эпостун мазмунунда тагдырдын берген сыноосун сабыр менен кабыл алуу, кандай күтүлбөгөн кырдаал болбосун, кандай гана каран түн түшпөсүн, өзүн тута билүү, өз башын корголотуп бийик адамкерчиликтен тайбоо, сезимдерин башкара билүү, кайраттуулук, чыдамкайлык, токтоолук менен бардык кыйын кезеңди жеңе билүү өзгөчө баалуулук катары туюнтулган. Эпикалык мурасты анализдөө толеранттулук түшүнүгүн башкача айтканда сабырдуулук, кечиримдүүлүк, боорукерлик, жакшылык, көтөрүмдүүлүк, токтоолук чыдамкайлык сыяктуу толеранттуулуктун өзөгүн түзүп турган түшүнүктөр маанилүү орунга ээ экендигин көрсөттү.

Инсанды сабырдуулукка, чыдамдуулукка, токтоолукка, көтөрүмдүүлүккө ж.б. сапаттарга тарбиялоодо «Манас» эпосунда чагылдырылган аксиологиялык чөйрөнү өздөштүрүү, өздүк маданий-руханий дүйнөгө айландыруу жалпы адамзаттын негизги милдети. Ошондуктан инсанды толеранттуулукка тарбиялоонун мааниси көп кырдуу, толеранттуулук жөнүндө эпикалык чыгармаладагы мазмунду гана өздөштүүрүү менен гана чектелбестен, гумандуу көз карашты калыптандыруу, өнүктүрүү, толеранттуулук менен байланышкан педагогикалык процессти гумандаштыруунун гана шартында мүмкүн болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Айтматов, Ч.Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат // -Фрунзе: Кыргызстан, 1988. С- 397 б.

2. Большой иллюстративный словарь иностранных слов. -М.: 2002, -с.787
3. Байгазиев С. Манастаануу. – Б.: 2022. – 496 б.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. II бөлүк. (редкол: А. Акматалиев ж. б.). - Бишкек: «Аврасия Пресс», 2015. - 704 б.
5. «Манас» энциклопедиясы 1- том. – Бишкек, 1995.
6. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 3-китеп. С. Орозбаковдун варианты боюнча. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 672 б.
7. Семетей: Баатырдык эпос. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү:1-китеп / С. Каралаевдин варианты боюнча; – Б.: Турар, 2013. – 1432 б.